УДК 373.2

***Камчыбекова Д.К., Султаналиева Ш.К.***
*Камчыбекова Динара – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Султаналиева Шайыркүл – п.и.к., доцент, С. Нааматов атындагы НМУ*

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮДӨ ИНТЕРАКТИВДҮҮ МЕТОДДУ КОЛДОНУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ИНТЕРАКТИВНОГО МЕТОДА В ДОШКОЛЬНОМ ОБРАЗОВАНИИ

# USING THE PEDAGOGICAL FRAMEWORK IN THE INTERACTIVE METHOD IN PRIVATE EDUCATION

***Аннотация.*** *Бул макалада келечектеги мектепке чейинки билим берүүчү мугалимдердин интерактивдүү окутуу ыкмаларын колдонууга даярдыгын өнүктүрүү процесси саналат. Автор интерактивдүү методдордун теориялык негиздерин дидактикалык категория катарындагы маселелерине кенен кайрылат.*

***Аннотация.*** *В данной статье описан процесс формирования готовности будущих педагогов дошкольного образования к использованию интерактивных методов обучения. Автор подробно рассматривает теоретические основы интерактивных методов как дидактической категории.*

***Abstract.*** *This article describes the process of forming the readiness of future preschool teachers to use interactive teaching methods. The author examines in detail the theoretical foundations of interactive methods as a didactic category.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Интерактивдүү, окутуу, репродуктивдүү, түшүндүрүү жана иллюстративдик метод, проблемалык, изилдөө ыкмалары.*

***Ключевые слова:*** *Интерактивный, обучающий, репродуктивный, объяснительно-иллюстративный метод, проблемный, исследовательский методы.*

***Key words:*** *Interactive, educational, reproductive, explanatory and illustrative method, problem-based, research method.*

Тарбиячыларды даярдоодо каада-салттарды, кесиптик-баалуулук көрсөтмөлөрдү, учурдагы тажрыйбаны алып жүрүүчү мектепке чейинки педагогика жана психология мугалиминин инсандыгы борбордук орунду ээлейт. Заманбап тарбиячы сабакта импровизацияга жөндөмдүү, тарбиялык диалогду уюштура билүү, ийгилик, чыгармачылык, өз ара аракеттенүү атмосферасын түзө билүү, заманбап педагогикалык технологияларды колдонуу, билим берүү тенденцияларын багыттоо, келечекти көрө билүү, балдарга өз алдынча таасир бере алуусу керек.

Ушуга байланыштуу мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин педагогдорунун интерактивдүү мазмунга, окутуунун ыкмаларына жана формаларына негизделген ар түрдүү коммуникациялык педагогикалык технологияларды колдонууга даярдыгы чоң мааниге ээ болот.

Бүгүнкү күндөгү мектептин ишин “Билим берүү Законуна” ылайык түп тамырынан жаңылоо маселеси –бул көбүнчө ар бир мугалимдин окуучуларды сапаттуу окутуп тарбиялоого канчалык даражада профессионалдуу мамиле жасашына, канчалык өзүнүн педагогикалык устаттыгын, идеялык ишенимин, эрудициясын жана жалпы маданиятын өркүндөтө ала тургандыгына көз каранды. Мектеп ишин жаңылап жакшыртуунун бардык маселелеринин ичинен окуу предметтерин жогорку илимий методикалык деңгээлде окутуунун негизинде окуучулардын билимдеринин, билгичтиктеринин жана

көндүмдөрүнүн сапатын кескин түрдө жогорулатып, алардын окууга болгон милдеттүүлүгүн күчөтүү, окуу таанып билүү ишмердүүлүктөрүн өркүндөттүү эң башкы милдет болуп саналат.

Жалпы эле билим берүү коомдук-социалдык көрүнүш болгондуктан, ал коомдук өзгөрүүлөргө жараша өзгөрмөлүү келет. Мындай өзгөрмөлөр, баарыдан мурда, сабакта болот. Бүгүнкү кыргыз тил сабагы формалык, мазмуңдук жактан да, анда колдонулган метод-ыктары, каражаттары боюнча да олуттуу өзгөрүүлөргө, толуктоолорго муктаж. Мамлекеттик тил адамдын таанып билүү ишмердүүлүгүнүн инструменти, ой жүгүртүүнүн формасы жана аны өнүктүрүүнүн каражаты катары кызмат кылат. Методика илими тилдин мындай феноменалдуу өзгөчөлүгүн эске алуу менен тилди окутуунун максатын аныктайт.

**Окутуунун интерактивдүү методу** - окуучуларга билим, билгичтик, көндүмдөрдү берүүгө, аларды тарбиялап өстүрүп өнүктүрүүгө багытталган мугалим менен окуучунун арасындагы максаттуу өз ара биргелешип аракеттенүүлөрүнүн ыкмасын айтабыз. Окутуунун интерактивдүү методдору - бул окутуучунун педагогдук ишмердүүлүгү менен студенттин таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн жандуу органикалык биримдиги. Окутуу процесси, анда коюлган максатка жетүү, окутуунун формасы жана аларды турмушка ашыруунун мүмкүнчүлүктөрүн, өбөлгөлөрүн аныктабай туруп, өз алдынча каралуучу жана аткарылуучу процесс эмес. Окутуунун интерактивдүү методу ошол мүмкүнчүлүктөрдү, өбөлгөлөрдү камсыз кылуучу окутуу системасынын ажырагыс бөлүгү, компоненти[4].

Окутуунун интерактивдүү методу - окуучуларга билим, билгичтик, көндүмдөрдү берүүгө, аларды тарбиялап өстүрүп өнүктүрүүгө багытталган мугалим менен окуучунун арасындагы максаттуу өз ара биргелешип аракеттенүүлөрүнүн ыкмасын айтабыз. Окутуунун интерактивдүү методу - мугалимдин окуучуларга билим берүү үчүн койгон максатын аткаруучу каражат болуп эсептелет. Ар бир мугалимди «Кантип окутуу керек?» деген ой толгоо педагогиканын эң негизги категориясы болгон окутуу методдоруна такайт.

Окутуунун интерактивдүү методу - мугалимдин окуучуларга билим берүү үчүн койгон максатын аткаруучу каражат болуп эсептелет. «Метод» (усул) грек тилинин «методос» - ыкма, каражат деген сөзүнөн алынган, б.а. кандайдыр бир ишти аткаруу каражаты, жолу деген мааниде колдонулат. . Бул аныктама менен эле чектелүүгө болбойт, себеби илим-маданият өскөн сайын, жаңылыктарды балдарга жеткирүү, билим алууга умтулуу жолун издөө маселеси педагогдорду дайыма кызыктырып келген [2].

И. Ф. Харламов: «Окутуу методу - мугалимдин окуу процессин уюштуруу жана өтүлүп жаткан материалдарды дидактикалык жактан өздөштүрүү үчүн колдонгон каражаттары» - дейт[5].

Ю.К. Бабанский болсо мугалим менен окуучунун билим алууда биргелешкен ишаракетин баса көрсөтүп «Окутуу методу - мугалим менен окуучунун билим алууда биргелешкен иш-аракетинин каражаты» - дейт[3].

Т.А. Ильина: «Окутуу методун окуучулардын таанып билүү иш-аракетин уюштуруу каражаттары»- деген[3].

Жаңы компютердик технологиянын пайда болушу менен окутуу процессинде мугалимсиз жана кызматташ болбой эле балдардын өз алдынча компьютер аркылуу билим алуусун уюштуруу иш-аракети техникалык усулдарды пайдаланууну белгилейт. Мына ушул айтылгандарды топтоп “Окутуу усулу - окуучулардын билим алуусун максатка ылайык уюштуруу, таанып билүү деңгээлин активдүү жогорулатуу жана окуу

иш-аракеттерин ийгиликке жетишүүгө багыттоо каражаты» - деп белгилесек болот. Окутуунун ийгиликтүүлүгү анын максаттарынын кандай болушуна жана материалдын мазмунуна гана көз каранды эмес, ал ошондой эле коюлган максаттарга жетишүүнүн жолу кандай болушуна, б. а. окутуу методунун кандай экендигине да көз каранды. Окутуунун методдору көп кылымдар бою колдонулуп келе жатат. Окутуунун методу деп эмнени түшүнүү керек? Ар кандай метод (мисалы столду жасоо ыкмасы ж. б.) коюлган максатка ылайык келүүчү натыйжага жетишүүнү камсыз кылуучу адамдын аң-сезимдүү, белгилүү ырааттыкта аткарган иш-аракеттеринин системасы экендиги белгилүү. Демек, ар кандай метод төмөнкүлөрдү:  максаттын коюлушун;

- адамдын ишмердүүлүгүн (аракеттеринин системасын);
- зарыл болгон (интеллектуалдык, практикалык, предметтик) каражаттарды;
- объектинин өзгөрүү процессин (объекттин максатка багытталган кыймылынын механизмин);
- максатка жетишүүнү камтыйт[4].

Окутуунун интерактивдүү методу жалпы түрдөгү алынган методдордон кескин түрдө айырмаланат: мында мугалимдин таасир этүүсүнүн объектиси окуучу, коюлган максатка жетишүү дал ошол окуучунун эркине жана кызыкчылыгына көз каранды болот.

Демек, окутуунун интерактивдүү методдорунда мугалимдин керектүү каражаттарды колдонуу менен аткарган иштери окуучуда максат келип чыккандай жана анын өзүнүн ишмердүүлүгү ошол максатка жетишүүнү камсыз кылгандай болуп уюштурулушу зарыл. Мына ошентип, окутуунун ар кандай методу окуучунун алган билиминин мазмунун түшүнүп билүүсүн камсыз кыла турган анын таанып билүүчүлүк жана практикалык иш-аракетин уюштуруучу мугалимдин максаттуу иш-аракеттеринин системасы болуп эсептелет. Башкача айтканда, окутуу методу дайыма сөзсүз мугалим менен окуучунун өз ара аракеттешүүсүнөн турат, мындай өз ара аракеттешүүнүн жүрүшүндө мугалим окуучунун окулуп үйрөнүлүүчү объект менен болгон иш-аракетин уюштурат, бул иш-аракеттин натыйжасында окуучунун материалды өздөштүрүү процесси ишке ашырылат.

Сабак өтүүдө методдорду туура тандоодо темасына, максатына, мазмунуна, татаалдыгына жана окутуунун түрүно жараша болот. Илимий-техникалык прогресс өнүккөн сайын, педагогика илими жаңыланып өскөн сайын, аны өздөштүрүү усулдары да өзгөрүп турат.

Ю. К. Бабанский методдорду классификациялоонун негизи катары адамдын ишмердүүлүгүнүн компоненттерин алууну сунуш кылган. Алар үчөө. Ишмердүүлүк болсун үчүн: биринчи кезекте аны уюштуруу аракеттери, экинчи кезекте аны стимулдаштырып мотивациялоо (ынтызар кылуу) иштери, андан кийин аны контролдоп, анализдеп натыйжасын объективдүү баалоо ишке ашырылышы керек [2].

*Эгерде окутуу методдорун классификациялоонун негизи катарында ишмердүүлүктүн мына ушул үч компонентин ала турган болсок, анда методдордун төмөнкүдөй ири үч классын көрсөтүүгө болот:*

1. ***Окуучулардын окуу-таанып билүүчүлүк ишмердүүлүктөрүн (иш-аракеттерин) уюштуруп ишке ашыруу методдору.***
2. ***Окуучулардын окуу-таанып билүүчүлүк ишмердүүлүктөрүн мотивациялап (ынтызар кылып) стимулдаштыруу методдору.***
3. ***Окуучулардын окуу-таанып билүүчүлүк ишмердүүлүктөрүн текшерип жыйынтыктарын баалоо методдору.***

Окутуу методдорунун бул үч ири классынын ар бири өз алдынча дагы бир топ группаларга бөлүнөт. Мисалы, биринчи класстагы методдор төмөнкүдөй төрт группага бөлүнөт: [1].

1. Окутуунун перцептивдик (илимий айтылышы) методдору - билимдердин булактары боюнча (башкача айтканда окуучулар билимдерди эмнеден, кайсы булактан алыша тургандыгына карата) болгон методдор;
2. Окутуунун логикалык методдору;
3. Окуучулардын өз алдынча иштерин уюштуруп окутуу методдору;
4. Окуучулардын таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүктөрүнүн (иш-аракеттеринин) мүнөзү боюнча болгон (же окуучулардын программалык материалды өздөштүрүүлөрүнүн деңгээли боюнча) методдор.

Ушуга байланыштуу интерактивдүү окутуунун теориясын түзүү үчүн өбөлгөлөр пайда болду. Келгиле, «интерактивдүү окутуу» түшүнүгүн тактап көрөлү. "Интерактивдүү" сөзү англис тилинен алынган жана "interact" сөзүнөн келип чыккан. "Интер" - "өз ара", "акт" - аракет кылуу.

Интерактивдүү деген нерсе (мисалы, компьютер) же кимдир бирөө (адам) менен өз ара аракеттенүү же сүйлөшүү, диалог режиминде болуу жөндөмүн билдирет [4].

Педагогикалык энциклопедиялык сөздүктүн аныктамасына ылайык, интерактивдүү окутуу – бул студенттин окуу чөйрөсү, окуу чөйрөсү менен өз ара аракеттенүүсүнө негизделген окутуу, ал өздөштүргөн тажрыйба чөйрөсү катары кызмат кылат. Окуучу окуу процессинин толук кандуу катышуучусу болуп калат, анын тажрыйбасы билим берүү билиминин негизги булагы болуп кызмат кылат. Мугалим даяр билимди бербейт, бирок катышуучуларды өз алдынча изденүүгө үндөйт. Салттуу окутууга салыштырмалуу интерактивдүү окутуу өзгөрөт мугалим менен окуучунун өз ара аракеттенүүсү: мугалимдин ишмердүүлүгү окуучунун активдүүлүгүнө орун бошотот, ал эми мугалимдин милдети алардын демилгеси үчүн шарт түзүүгө айланат. Мугалим өзү аркылуу билим берүүчү маалыматты өткөрүүчү фильтрдин бир түрүнүн ролунан баш тартып, маалымат булактарынын бири болгон жумушта ассистенттин милдетин аткарат.

**Адабияттар:**


1. **Архангельский, С.И.** Учебный процесс в высшей школе, его закономерные основы и методы / С.И. Архангельский. М. : Высшая школа, 1980. -368 с.
2. **Ю. К. Бабанский**. Методы моделирования процесса обучения и разработки интерактивных обучающих курсов: дис. . канд. техн. наук / И.М. Горбаченко. — Красноярск, 2001.
224 с.
3. **Т.А. Ильина**. Интерактивное обучение инструмент освоения нового опыта М.В. Кларин. // Педагогика. - 2000. - № 7. - С. 12-18.
4. **Мальцева, Н.В**. Обучение педагогов с помощью интерактивных методов / Н. Мальцева, Jl. Карунова. // Дошкол. воспитание. 2003. - № 3. - С. 90-93.
5. **И. Ф. Харламов**. Методы и средства интерактивного взаимодействия студентов и преподавателей в Интернет-обучении : дис. .канд. пед. наук / Jl.A. Пескова. Улан-Удэ : ПроСофт,
2006. - 112 с.